КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ

КҮН-ЧЫГЫШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КУН-ЧЫГЫШСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**ДЕПУТАТТАРЫНЫН КҮН-ЧЫГЫШ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН**

**/VII-чакырылышынын/ XXXI- СЕССИЯСЫНЫН**

# Т О К Т О М У №5

**2024-жылдын 14- февралы Боконбаев айылы**

**Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин киреше, чыгаша бөлүгүн жана 2025-2026- жылдарга киреше бөлүгүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө**

---

Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин киреше, чыгаша бөлүгүн жана 2025-2026- жылдарга киреше бөлүгүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө каржы бөлүмүнүн башчысы В.С. Абдулдаеванын маалыматын угуп жана талкуулап Күн-Чыгыш айылдык Кенешинин сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин негизинде Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн көлөмү №1 тиркемеге ылайык 55993,2 мин сом жана чыгаша бөлүгүнүн көлөмү 55993.2 мин сом эсебинде бекитилип анын ичинен №2 тиркемеге ылайык 52383.2 мин сому негизги бюджеттик каражаттан, №3тиркемеге ылайык 3610,0 мин сому атайын каражат болуп бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин негизинде Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн долбоору 2025-жылга 59429.3мин сом, 2026-жылга 66172,3 мин сом. көлөмүндө бекитилсин.
3. Жергиликтүү бюджетинин накталай жүгүртүү көлөмү 2023-жылга карата 1000.0 мин сом болуп бекитилсин.
4. Бюджеттин так жана туура аткарылышын камсыз кылуу жагы Күн-Чыгыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Г.К. Шакировага жана финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы башкы бухгалтер В.С. Абдулдаевага милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күн-Чыгыш айылдык Кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага К. Карыпов

Катчы М.Кыдырбаев